**СУЗАК ОКРУГДУК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫНЫН КЕҢЕШМЕСИНИН**
**№ 149-ПРОТОКОЛУ**

**Сузак айылы** **04.12.2021**

Комиссия мүчөлөрүнүн жалпы саны: 12
Кеңешмеге катышкандардын саны: 11

Күн тартиби:

1. “КООМАР Медиа” коомдук фондунан түшкөн арыз жөнүндө

Күн тартибиндеги маселе боюнча округдук шайлоо комиссиясынын төрайымы төмөндөгүлөргө токтолду:

2021-жылдын 1-декабрында Сузак ОШКсына “КООМАР Медиа” коомдук фондунан даттануу келип түшкөн. Ал данттануууда райондогу № 2021-шайлоо участкасында добуш берүү учурунда бир аял киши башка бир шайлоочунун шайлоо бюллетенин АЭУга салууга жардамдашып, бир шайлоочунун кабинасына баш багып жашыруун добуш берүү сакталбаганын жазган.

№2021-шайлоо участогунун төрайымы Эрматова Бузейнеп, катчысы Эрмекбаева Берметтин билдирүүсүндө бул аял кайын энеси жана кайын агасы менен добуш берүүгө келген.Келин кайын энесинин да кайын агасынын да көрүүсү жакшы эместигин, аларга бюллетенине жардамдашып коюусун суранган.Төрайым Б.Эрматова жалпы комиссия мүчөлөрүнө жана байкоочуларга алардын суранычын айтып, макулдук берген.Видеого тарткан байкоочулар алардын уруксат сураган жерин тарпай, келин жардам берип жаткан жерин тарткан. “КРнын Президентин жана КР.ЖКнын депутаттарын шайлоо жөнүндө” КРнын Конституциялык Мыйзамынын 31-беренесинин 10 бөлүмүннө ылайык шайлоо бюллетенин толтурууга мүмкүнчүлүгү болбогон учурда башка бир шайлоочу УШКнын төрагасына оозеки билдирип, анын макулдугу менен жардам берүүгө укуктуу экендигин эсепке алып уруксат бергендигин билдиришти.

Сузак ОШКсы №2021-шайлоо участкасынын видедо көрүнгөн бардык комиссия мүчөлөрүнүн катышуусунда отурумда талкуулап, түшүнүк каттарын алдык.
Күн тартибиндеги маселени талкуулап Сузак ОШК төмөнкүдөй

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. 2021-жылдын 28-ноябрында КР.ЖКнын депутаттарын шайлоо күнү №2021-шайлоо участкасындагы көрүнүш шайлоо мыйзамдуу деп эсептелсин

**Сузак АШКсынын төрагасы:** **Г.Сапарова**

**Катчысы:** **А.Карымбаев**

ОКРУГДУК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ №13 ОКРУЖНАЯ ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ